Кызыл – Тоо №9 орто мектеби

# «МУРАС»

# Ийримдик топтун иш планы

*Тарых мугалими: Сабыр кызы Нуркыз*

2022-2023-ж.

# Ийримдик топтун милдеттери.

1. Тарых сабагына кызыгуучуларга керектүү түшүнүктөрдү берип туруу.

2. Тарыхты изилдөөчү улуу инсандардын өмүр жолу боюнча маалымат берүү.

3. Тарых сабагы боюнча кеңири түшүнүктөргө ээ болуу менен материалдарга байланышкан ар түрдүү материалдарды өздөштүрүүгө жетишүү.

4. Тарыхтан суроолордун, сөздүктөрдүн, табышмактардын жоопторун талкуулоо .

Бекитем

Директор: Бакирова А

“09” сентябрь 2022-жыл

Кызыл-Тоо №9 орто мектебинин атындагы орто мектеби тарых сабагы

2022-2023-окуу жылы **“Мурас”** кружогунун жылдык планы.

| № | Өтүлүүчү темалар | Сааты | Мөөнөтү | Адабияттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Эгемендүүлүктүн 30 жылдыгы | 2с | 06.09. | |
| 2. | Алгачкы тарыхчылар | 2с | 13.09. | |
| 3. | “Кыргыз этносу” | 2с | 15.09. | |
| 4. | Байыркы дүйнө тарыхы | 2с | 20.09. | |
| 5. | Сөздүк менен иштөө | 2с | 22.09 | |
| 6. | Кыргыз мамлекеттүүлүгү | 2с | 27.09 | |
| 7. | Тест менен иштөө | 2с | 28.09 | |
| 8. | Караханийлер кагандыгы | 2с | 4.10 | |
| 9. | Байыркы Түрк кагандыгы | 2с | 6.10 | |
| 10. | Сөздүк менен иштөө | 2с | 11.10 | |
| 11. | Монгол империясы | 2с | 13.10 | |
| 12. | Азия мамлекеттери | 2с | 18.10 | |
| 13. | Тест менен иштөө | 2с | 20.10 | |
| 14. | СССРдин түзүлүшү жана таркашы | 2с | 25.10 | |
| 15. | КРнын түзулүшү | 2с | 27.10 | |
| 16. | Карта менен иштөө | 2с | 10.11 | |
| 17. | Дүйнөлүк согуштар | 2с | 15.11 | |
| 18. | Тест менен иштөө | 2с | 17.11 | |
| 19. | Энциклопедия менен иштөө | 2с | 22.11 | |
| 20. | Дүйнөнун орто кылым тарыхы | 2с | 1.12 | |
| 21. | Инсан таануу (Кыргызстан) | 2с | 6.12 | |
| 22. | Инсан таануу ( Дүйнө) | 2с | 8.12 | |
| 23. | Хронология менен иштөө | 2с | 13.12 | |
| 24. | Хронология менен иштөө | 2с | 15.12 | |
| 25. | Соңку жаңы тарых | 2с | 20.12 | |
| 26. | Тест менен иштөө | 2с | 22.12 | |
| 27. | Кыргыз элинин маданияты | 2с | 17.01 | |
| 28. | Кыргыз элинин маданияты | 2с | 19.01 | |
| 29. | Кыргызстандын тышкы саясаты | 2с | 24.01 | |
| 30. | Кыргызстандын ички саясаты | 2с | 26.01 | |
| 31. | Мамлекеттик желектерди таануу | 2с | 2.02 | |
| 32. | Тест менен иштөө | 2с | 7.02 | |
| 33. | Хронологиялык таблица түзүү | 2с | 9.02 | |
| 34. | Жыйынтыктоо | 2с | 14.02 | |
| 35. | Тарых сабагы эмнени окутат? | 2с | 16.02 | |
| 36. | Тарыхый убакыттын чен өлчөмдөру | 2с | 21.02 | |
| 37. | Тарыхты окутуудагы картанын орду | 2с | 28.02 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 38. | Хунн мамлекетинин пайда болушу | 2с. | 2.03 | |
| 39. | Байыркы кыргыздар | 2с | 7.03 | |
| 40. | Сак уруулары | 2с | 9.03 | |
| 41. | Усун мамлекетинин пайда болушу | 2с | 14.03 | |
| 42. | Даван мамлекети | 2с | 16.03 | |
| 43. | Кангуй мамлекети | 2с | 4.04 | |
| 44. | Кыргызстандын аймагындагы түрк каганаттары | 2с | 6.04 | |
| 45. | Улуу түрк кагандыгы | 2с | 11.04 | |
| 46. | Уйгур кагандыгы | 2с | 13.04 | |
| 47. | Карлуктар мамлекети | 2с | 18.04 | |
| 48. | Енисей кыргыздары | 2с | 20.04 | |
| 49. | Караханиддер мамлекети | 2с | 25.04 | |
| 50. | Чыңгызхандын каар заманы | 2с | 27.04 | |
| 51. | Амир Тимур | 2с | 28.04 | |
| 52. | Кидандар мамлекети | 2с | 2.05 | |
| 53. | Манголдорго каршы күрөштөр | 2с | 4.05 | |
| 54. | Кыргызстанды Кокон хандыгынын басып алышы | 2с | 10.05 | |
| 55. | Кыргыз орус элчилик мамилелери | 2с | 11.05 | |
| 56. | Курманжан датка | 2с | 12.05 | |
| 57. | Кокон хандыгы мезгилиндеги кыргыздардын ролу | 2с | 16.05 | |
| 58. | Кыргыз урууларынын Россияга болгон мамилелери | 2с | 17.05 | |
| 59. | Андижан кoторулушу | 2с | 18.05 | |
| 60. | 1916-ж улуу боштондук күрөшү | 2с | 19.05 | |
| 61. | Кыргызстанга Совет бийлигинин орношу | 2с | 22.05 | |
| 62. | Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуш доорунда | 2с | 23.05 | |
| 63. | Кыргызстан "Өнүккөн социализм доорунда" | 2с | 24.05 | |
| 64. | Кыргызстан кайра куруу жылдарынды (1985-1991) | 2с | 25.05. | |
| 65. | Кыргызстан Эгемендүүлүк жолунда | | | |
| 66. | Кыргызстандын Эгемендүүлүк алышы | | | |
| 67. | Эгемен Кыргызстандын экономикалык абалы | | | |
| 68. | Кайталоо | | | |

Текшерилди:
09.09.2022-ж.
ОББ: [подпись]

Тарых мугалими: _______Сабыр кызы Нуркыз

# Тарых предмети боюнча ийримге катышуучулар жөнүндө маалымат.

| № | Окуучулардын аты,жөнү | Классы | Телефон номери | Дареги |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аттокурова А | 9б к | 0708 20 21 53 | Көзөл-Апо |
| 2 | Акимжанова А | 9б к | 0554 23 57 60 | Көзөл-Апо |
| 3 | Анарбаева А | 9а к | 0704 84 70 75 | Карой |
| 4 | Артыкова Ж | 9а к | | Көзөл-Апо |
| 5 | Бокоева А | 9б к | 0554 70 55 43 | Көзөл-Апо |
| 6 | Бактыбекова А | 9а к | 0550 40 53 20 | Кертобек |
| 7 | Бактыбекова Б. | 9а к | 0708 84 70 60 | Кертобек |
| 8 | Жапарова Д. | 9б к. | 0708 64 74 20 | Көзөл-Апо |
| 9 | Исанова А | 9б к | 708 60 80 81 | Көзөл-Апо |
| 10 | Курманова М | 9 а | 708 72 23 28 | Көзөл-Апо |
| 11 | Канатбекова А | 9а к | 704 75 82 80 | Көзөл-Апо |
| 12 | Маматжанова Ч. | 9а к | 702 72 20 45 | Көзөл-Апо |
| 13 | Нурдинова М. | 9б к. | 703 72 20 30 | Көзөл-Апо. |
| 14 | | | | |
| 15 | | | | |
| 16 | | | | |
| 17 | | | | |
| 18 | | | | |
| 19 | | | | |
| 20 | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

## Кызыл –Тоо орто мектеби

# Сабактын темасы: Кыргыздын алгачкы тарыхчылары жана агартуучулары




## *Түзгөн мугалими: Сабыр кызы Нуркыз*

# КЫРГЫЗДЫН АЛГАЧКЫ ТАРЫХЧЫЛАРЫ ЖАНА АГАРТУУЧУЛАРЫ

Добавил admin | 27.07.2017 28801 просмотров

Кыргызстандын Россияга каратылышынын натыйжасында мурунтан эле ал жакта жашаган мусулман, түрк элдери менен кыргыздардын байланышы күчөгөн. Өзгөчө татарлар менен башкырлар кыргыздарга боор тартып элибиздин маданиятынын өнүгүшүнө, илим изилдөө иштерине түрткү беришип, кыргыздан чыккан чыгармачыл адамдарды колдошуп, эмгектерин басмадан чыгарууга жардамдашышкан.

Алардын бири кыргыздын тунгуч жазгыч тарыхчысы Осмоналы Сыдык уулу эле. Кыргыздын дагы бир ири тарыхчысы Белек Солтонкелди уулу Солтоноев болгон.

Б. Солтоноевдин кол жазма түрүндө сакталган «Кыргыз-казак тарыхы» («Кызыл Кыргыз тарыхы») эмгеги Кыргызстандын тарыхын изилдөөдө маанилүү булак катары эсептелет. Өз заманы үчүн Б. Солтоноев өтө билимдүү адамдардан болгон. Бир катар ырларды да жазган. Орустун алдыңкы адамдары менен чыгармачыл байланышта болуп, орустун жана дүйнөлүк маданияттын көрүнүктүү ишмерлери жараткан тарыхый, философиялык жана этнографиялык эмгектер менен таанышкан.

Б. Солтоноев кыргыздардын тарыхын таптык көз караште жазууга аракеттенген. Анын коомду социалдык топторго бөлүп таптар, тап күрөшү жөнүндөгү жазгандары марксизм-ленинизм жөнүидө түшүнүгү болгондугун маалымдайт.

Ал өзүнүн китебинде «Манас» эпосу жана манасчылар, орто кылымдардагы түрк-мусулман маданиятынын көрүнүктүү өкүлү Махмуд Кашгари, кыргыз элинен чыккан легендарлуу ойчулдар Толубай сынчы, Асан кайгы, ойчул акындар Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч жөнүндө маалымат берген.

Анын эмгегинде кыргыздардын байыртадан берки дүйнөгө болгон көз карашынын эволюциясын көрсөтүүгө өзүнчө орун берилип, кыргыздардын астрономиялык, математикалык, коомдук жана жаратылыш жөнүндөгү элдик билимдеринин деңгээли чагылдырылган.

Кыргызстан Россиянын курамына кирген соң кыргыздардын арасында агартуучулук кыймыл жанданган. Ошол мезгилдеги агартуучулардын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Ишенаалы Ара-

баев болгон.

Кыргыз элин агартууда, жалпы эле маданиятын көтөрүүдө Үмөт Молдо Түгөлбай уулунун,Ыбырайым Абдырахмановдун ж. б. эмгектери зор.

Кыргызстан Россиянын курамына кирген соң билим берүү тармагында да бурулуш башталган. Кыргызстанда мектептер сан жагынан өсүп, аларда билим берүүнүн сапаты жакшыра баштаган. Кыргыздар балдарын, башка мусулман дининдеги элдер сыяктуу диний мектептерде, медреселерде окуткан. Ошону менен катар орус бийликтери 1886-ж. баштап «орус-жергиликтүү» мектептерин уюштура баштаган. Аларда диний билимден тышкары орус тили, орус адабияты жана маданияты үйрөтүлгөн. 1883-ж. Ош уездинде 41 мектеп болуп, анда 391 окуучу билим алса, 1914-ж. 229 мектеп иштеп, анда 3,2 миң окуучу (анын ичнде 33 кыз) окуган. Пишпек уездинде 1,3 миң окуучусу бар 59 мектеп, Каракол уездинде 2,3 миң окуучу окуган 128 мектеп иштеген. Мектептерде билим берүү диний сабактар менен гана чектелбестен, эсеп, география, тарых, табият таануу ж. б. сабактарды окутуу күчөгөн. XX к. башынан тартып «жаңы усул» (жадиттик) мектептери арбып, окуучуларга билим берүүдө жаны усулдук ыкмалар киргизилген.

1917-ж. чейин Кыргызстанда Европа тибинде 107 мектеп болуп, аларда 7 миң окуучу (алардын 574 кыргыздар) окуган. Бул мектептерде 216 мугалим эмгектенген. Жаны типтеги мектептер балдардын 4 процентин гана камтыган.

Ушул мезгилде мусулмандык жогорку окуу жайы медресе кескин көбөйгөн. Алсак, 1892-ж. Түштүк Кыргызстанда 7 медресе болсо, 1914-ж. Ош уездинде эле 88 медресе иштеген. Андан билим алгандар муфтий, казы, окутуучу, мектеп мугалими ж. б. кызматтарда иштешкен.

Байлардын жана манаптардын демилгеси менен Түндүк Кыргызстанда да жаңы ыкмада окуткан кыргыз медреселери ачылган. Жети-Өгүздө Кодонтайдан (1905-ж.), Кеминде Шабдандын (1909-ж.), Нарында Касымаалынын (1910-ж.), Кочкордо Канаттын (1912-ж.) медреселери ачылып, балдарга билим берген.

Атайын кесиптик билим берүүчү алгачкы окуу жайлары катары Пишпекте жана Караколдо айыл чарба мектептери ачылган. Мында окуган кыргыз жаштары чарбачылыктын жаңы түрлөрү менен бирге орус тили, эсеп, тарых, физика, ботаника, зоология ж. б. сабактардын негиздери менен таанышкан.

1870-ж. баштап келгин орустардын балдары үчүн секулярдык (граждандык) жана чиркөөлүк баштапкы окуу жайлары ачыла баштаган. 1897-ж. Бишкекте алгачкы прогимназия, 1910-ж. эркек балдар үчүн гимназия ачылган. 1911-ж. Караколдо кыздар үчүн прогимназия иштей баштаган. Бул окуу жайларында аз санда болсо да кыргыздын уул-кыздары окуп бшгам алышкан.

Колониялык мезгилде маданий-агартуу маселелери, китепканалар, гезит, китеп окуй турган жайлар уюштурулуп аларга орусча, татарча, казакча, өзбекче чыккан китептер, журналдар, гезиттер келип турган. 1911-ж. баштап таш басмадан чыккан Молдо Кылычтын, И. Арабаевдин, Осмонаалы Сыдык уулунун ж. б. эмгектери кыргыз эли тарабынан өтө кызыгуу менен жылуу кабыл алынган.

# Алгачкы тарыхчылар



**Кызыл кыргыз тарыхы**



**Тарихи кыргыз шадмании**



Кызыл –Тоо орто мектеби

# Сабактын темасы: 3-март-Кыргыз Республикасынын Туу күнү



*Тузгон мугалими: Сабыр кызы Нуркыз*

Душабаева Нургуль

# Сабактын темасы: 3-март -Кыргыз Республикасынын Туу күнү




## Сабактын максаты:

***Билим берүүчү максаты:*** *Окуучулар Кыргыз Туусу жөнүндө маалымат алышат;*

• *Кыргызстандын гүлдөп өнүгүшүнө өз салымдарын кошууга жана мекени үчүн жоопкер экендигин аңдап түшүнүшөт.*

***Өнүктүрүүчүлүк максаты:*** • *Сынчыл ойломдорун өнүктүрүү менен мекенинин келечеги жөнүндө өз ой пикирин билдиришет.*

***Таалим-тарбия берүүчү максаты:*** *Жалпы адамзаттык жана улуттук руханий-баалуулуктарды баалоого жана сактоого, атуулдук, Ата мекенин сүйүүчүлүк, мекени менен сыймыктануу, мекенди коргоо,ага кызмат кылууга болгон инсандык негизги сапаттарына ээ болууга жана калыптанууга, тарбиялоо.*

## Күтүлүүчү натыйжалар:

- Окуучулар Кыргызстан жана анын негизги атрибуттары жөнүндө толук айтып бере алса;
- Өз өлкөсүнүн өнүгүшүнө кандай салым кошоорун белгилей алса;
- Мекени үчүн жоопкерчиликте экенин сезе билсе.
- Келечек туралуу ой жүгүртүү эң оболу биздин Кыргызстандагы эртеңки турмушубузду, өнүгүүбүздү кандай көрөрүн түшүндүрүп бере алса;
- Жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды айтып берсе;• Патриотизм — бул менин өлкөм баардыгынан мыкты деген ишенимди чечмелеп бере алса;

*Сабакта пайдаланылуучу каражаттар:*

- *Кыргыз Республикасынын картасы;*
- *Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун жана гербинин сүрөттөрү тартылган плакаттар;*
- *Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнинин тексти;*
- *Слайд жана видео көрсөтүү үчүн проектор же "акылдуу доска";*
- *карточкалар, тексттер, ак барактар, кайчы.*

**Сабактын жүрүшү:**

**Мугалим:**

*Сабактын максатын окуучуларга жакшылап түшүндүрөт.*

*Анда эмес ар бириңер слайддагы сүйлөмдү барагыңарга өз алдыңарча толуктап жазгыла.*

*Ата мекен — бул …….*

*Ынтымак— бул ………*

*Атуул — бул ………*

*Жазып бүткөнүңөр кагазыңарды партаңардын четине коюп койгула.*

*Сабактын аягында өзүңөрдүн жазганыңар боюнча ой-пикириңер өзгөрдүбү салыштырабыз.*

*Мугалим окуучулардын аткарган иштерине ыраазычылык билдирип, Ата мекен деген эмне, бул боюнча видео көрсөтөт же даярдалган слайдды көрсөтөт да ал жөнүндө баяндайт.*

*Урматуу окуучулар, ар бир адамдын туулуп өскөн жери ал үчүн ыйык Мекен. Улутуна, жынысына, тилине, туткан динине карабастан алар үчүн Ата мекен, Тынчтык, Ынтымак деген сөздөр ыйык болууга тийиш. себеби бул сөздөрдө мамлекеттин келечеги жатат. Анда эмесе биз үчүн Ата мекен, Тынчтык, Ынтымак, деген эмне? Слайдды көрсөтөбүз.*

***Мугалим:*** *Кыргызстан демократиялуу мамлекет экендиги жөнүндө башкы мыйзамдын негизинде маалымат берет (слайдды көрсөтөт).*

***Мугалим:*** *Окуучуларды үч топко бөлөт, ар бир топко алдын-ала даярдап койгон белектерин тапшырат. Ал белектер — Эгемендүү Кыргызстандын символдору, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни жөнүндө маалыматтар жазылган баракчалар. Андан соң мугалим окуучуларга тапшырманы аткарууга киришүүнү сунуш кылат.*

*Тапшырманы аткарыш үчүн окуучуларга тапшырманын темалары алдын-ала жазылып коюлган флипчарттар, маркерлер таратылып берилет. Ар бир топ тандап алган темасынын баракчалардагы текстти жана мурдатан окуп билгендери боюнча маалыматтарды даярдашат. Алар ар кандай көрүнүштө даярдалышы мүмкүн. Тапшырмаларды кыскача, кызыктуу кылып даярдоого мугалим көмөктөшөт.*

*Топтор тапшырманы аткарып бүтүшкөндүктөрүн кол чаап билдиришет. Баардык топтор бүткөндөн кийин, тапшырманы аткарып бүткөн ырааты боюнча топтун 1-2 өкүлү чыгып, өз маалыматтарын жакташат.*

***Эгемендүү Кыргызстандын символдору. Символ деген эмне?***

*Азыркы кезде ар бир мамлекеттин герби, туусу жана гимни болот. Алар мамлекеттин башкы символдору. Кыргызстандын азыркы*

*символикасы качан түзүлгөн? Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдорунун ар биринин өз тарыхы бар.*

*1991-жылы 31-августта көз карандысыздыкка ээ болгон жаңы мамлекетке — эгемендүү Кыргыз Республикасына жаңы символдорду кабыл алуу талап кылынды.*

*Кыргызстандын мамлекеттик символикасына Кыргыз Республикасынын Конституциясынын атайын бөлүмү арналган. Мамлекеттик символика Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгын жана эгемендүүлүгүн аныктап жана бекемдеп турат.*

*Мамлекеттин символдору: герб, туу, гимн. Символ — башкы белги. Мамлекеттик символика — көз карандысыздыктын жана эгемендүүлүктүн белгиси.*

***1-топтун баракчасы:***

***Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусу***

*Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусун кантип сүрөттөп берүүгө болот?*

*Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусу кызыл түстө, ал кыргыз элинин байыркы элдерден экенин билдирип турат. Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн доорунда кыргыз кагандарынын ордосунун төбөсүндө кызыл туу желбиреп илинип туруучу. Айкөл Манас бабабыз өз элинин, ата журтунун эркиндиги үчүн кызыл асабанын астында күрөшкөн. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусунун дал ортосунда алтын нурларын кырк бөлүнтүп чачыраткан күн алкагы тартылган. Кырк саны — кырк уруудан куралган кыргыз элинин эң байыркы эл экендигинин күбөсү.*

*Күн алкагынын ортосунда — боз үйдүн түндүгү.*

*Туунун кызыл түсү — акыйкаттыкты, нарк-дөөлөттү жана каармандыкты; нурга бөлөнгөн алтын күн — бейкуттукту жана байлыкты билдирет. Ал эми түндүк — ата конуштун, укум-тукум улоонун, Кыргызстандын бардык элдерине, кеңири мааниде айтканда, бүткүл дүйнөгө, ай-ааламга карата мээрмандыктын символу.*

*Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу 1992-жылы 3-мартта кабыл алынган. Авторлору: С. Иптаров, Б. Жайчыбеков, Ж. Матаев, М. Сыдыков, Э. Айдарбеков.*

*Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусу 1992-жылы 5-мартта Кыргыз Республикасынын Президентинин резиденциясынын — Өкмөт Үйүнүн төбөсүнө орнотулган.*

**2-топтун баракчасы:Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби**

*Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гербинде тартылган Ак шумкар — жоомарттыктын жана кыраакылыктын, тоолуу өлкөнүн жалпы жарандарынын мүдөө-максаттарынын бийиктигинин символу. Көгүлтүр Ысык-Көлдүн жана Ала-Тоонун ак мөңгүлүү аскаларынын артында алтын нурларын чачылта күн чыгып келатат. Көл жана Күн — жаратылыштын сулуулугунун, өмүр булагынын жана күч-кубаттын символдору. Айланта тартылган алтын түстүү тасманын оромундагы буудайдын машагы жана чанактары ачылган ак пахта — биздин республикабызда өстүрүлгөн негизги айыл чарба өсүмдүктөрү. Алардын катарында гербдин үстү жана асты жагында айланта «Кыргыз Республикасы» деп жазылган.*

*Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби 1994-жылы 14-январда бекитилген. Авторлору: А. Абдраев, С. Дубанаев.*

**3-топтун баракчасы:Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни**

*Гимн деген эмне? Гимн — бул салтанаттуу ыр.*

*Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни — биздин Ата мекенибиздин улуулугу жана ажайып кооз сулуулугу жөнүндө салтанаттуу ыр.*

*Кыргызстан жөнүндө маалымат берүү. Слайддагы картанын жардамы менен.*

***Мугалим:*** *Кыргызстан дүйнөнүн бир бөлүгү экендигин аныктаган маалыматтарды слайддын жардамы менен берет.*

*Урматтуу окуучулар, Кыргызстанда 5 млн.дон ашуун киши жашайт, мунун 27% этникалык азчылыктар түзөт. Бизде 100дөн ашуун улуттун өкүлү бар. Биз, кыргыздар, орустар, казактар, өзбектер, тажиктер, дунгандар, уйгурлар, украиндер жана башка этностор — баарыбыз Кыргызстандын бирдиктүү элин түзөбүз. Биз кыргызстандыкпыз деген идеяны туу тутушубуз зарыл.*

*Кыргызстандын куралдуу күчтөрү 1991-жылы 29-майда Президенттин указы менен түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын*

*Улуттук Гвардиясы 1991-ж. 3-декабрда түзүлгөн. Кыргызстан тынчтыкты сүйгөн өлкө. Бирок тыштан катылгандардын мизин кайтаруу үчүн такшалган армияга ээбиз. Урматтуу окуучулар, Мекенибизди көздүн карегиндей сактоо үчүн Ата мекенибизди коргоого милдеттүүбүз.*

*Кыргызстандын жаратылышы кооз, кен байлыкка бай өлкө. Жылына миңдеген эс алуучулар келишет. Биз Кыргызстан дүйнөдө татыктуу, келечеги кең өлкө экендигин далилдеп аларга татыктуу меймандостукту көрсөтүшүбүз керек.*

*Балдар биздин келечегибиз. Мамлекеттин өнүгүшү, улут аралык биримдик, ынтымак, силерге байланыштуу кымбаттуу окуучулар. Ошондуктан ар кимибиз улутубузга карабастан өз мекенибиздин патриоту болушубуз керек.*

*Бир күнү бир акылмандан "Патриотизм деген эмне?" — деп сурашыптыр. Ошондо акылман минтип жооп бериптир: "Патриотизм — бул менин өлкөм баардыгынан мыкты деген ишеним. Анткени бул өлкөдө сен туулгансың!".*

*Демек, Кыргызстандын кайсы жеринде, кайсы шаар, айылында болбойлу, ал биздин Кыргызстан! А Кыргызстанды өнүктүрүү жана гүлдөгөн мамлекетке айландыруу, "Кыргызстан — бардык этностордун бирдиктүү Мекени" деген идеяны ишке ашыруу — менин жана сенин эмгегиң, ынтымагың.*

*Эгерде биз мамлекетибиз мыкты болсун десек ар кимиңер бир баракты алып, жүрөкчө жасап ага адамда кандай сапаттар же баалуулуктар болушу керектигин жазгыла. Ар бир жүрөкчө барагын доскадагы Кыргызстандын картасына жабыштырып койгула. Жүрөкчөгө төмөндөгүдөй жазсаңар болот (М; баалуулуктар: патриоттулук, ар намыс, милдет, жоопкерчилик, сүйүү, жакшылык, тынчтык ж.б.).*

***Рефлекция:***

*Сабактын аягында мугалим ар бир окуучунун партасынын четиндеги Ата мекен, Ынтымак, атуул деген суроолорго жоопторун окуп, бүгүнкү алган маалыматтары менен канчалык дал келгенин текшерет. Сүйлөмдүн аяктарын толукташса да болот.*

*Мугалим окуучуларга сабакка активдүү катышкандыктарына рахмат айтып жакшы тилектерди каалап коштошот.*






Дуйшеев